Эсентур Баялиев

# Бир,
# эки,
# үч...



## Эмне үчүн жалгыздык жаман?



Бир жолу 1 деген сан токойдон коендун баласын жолуктуруп, ага мындай деди:

— Токойдо жашаган жаныбарлардын арасынан сенин гана кулагың узун, демек, сен жалгыз узун кулаксың да ээ?

— Жок, мен жалгыз эмесмин, - деп каршы болду ал, - менин көп узун кулак бир туугандарым бар.

1 деген сан андан ары кетип бара жатып, тыйын чычканды көрүп, аны мактай баштады:

— Токой боюнча сенин гана кооз куйругуң бар, демек, мындай кооз куйруктуу жалгыз гана сен болсоң керек?

— Мен жалгыз эмесмин,- деди тыйын чычкан, - менин көп узун куйрук досторум бар.

Ушул убакта аюунун баласы мамалак талаага чыгып, ырдай баштады: “Токойдо баарынан күчтүү аюу гана”.

- Сен токойдо жалгыз күчтүү жаныбарсыңбы?- деп 1 деген сан кубана сурады.

— Ооба,мен апамдын жалгыз гана баласымын жана бардыгынан эң күчтүүмүн,—деп бой көтөрө жооп берди. — Эртең менин туулган күнүм, мен бирге толом!

— Куттуктайм!-деп,1 деген сан кыйкырып жиберди.

—Туулган күнүңдү жалгыз майрамдап, бардык сый тамак-ашты жалгыз жейсиңби?

— Жалгыз жаман, - мамалак күрүлдөп ыйлай баштады. - Мен ким менен жашынмак ойноп, ыр ырдайм? Эгер жалгыз болсоң, майрамдай да албайсың, майрамың да жаман! Мамалактын энеси баласынын ыйлаганын угуп, дароо жетип келди да, мамалакка малина толтурулган себетти берип, эркелете сүйлөдү:

— Сен жалгыз болбойсуң, эгерде туулган күнүңө башка жаныбарларды да чакырсаң.

Мамалак себетти көтөрүп, ырдаган бойдон токойго кирип кетти.

— Эмне үчүн эч ким жалгыз болгусу келбейт? – деп, 1 деген сан өзүнө-өзү капалуу суроо берип кала берди.



АКСЫ РАЙОНДУК БОРБОРДУК КИТЕПКАНА Инв. № 40991

## 2 деген сан эмнеге окшош?



2 деген сан бара жатып, бадалдын түбүнөн бирөөнүн ыйлап жатканын угуп калды.

—Мен, мен, мен өлдүм!

2 деген сан бадалдын түбүн карап, аяктан чоң боз балапан отурганын көрдү.

—Сенин апаң ким? – деп сурады 2 деген сан балапандан.

—Менин апам чоң жана сулуу куш. Ал сага окшош, – балапан чыйпылдап ыйлап жиберди.

— Ыйлаба, биз аны табабыз. Балапанды куйругуна олтургузду да, балапандын энесин издеп жөнөштү. Көп узабай бат эле шалбаанын түбүнөн узун куйрук, жылмакай кооз кушту көрүштү.

—Бул сенин балапаның эмеспи, жакшынакай куш? – деп, сурады 2 деген сан.

—Мен куш эмесмин, мен жыланмын. Менин канатым да жок.

—Чыйп, чыйп, чыйп,- бул менин апам эмес, менин апам сага окшош,- деди балапан.

2 деген сан андан ары чуркап отуруп, талаада чоң куш конуп олтурганын көрөт да:

—Чоң куш, сенин балапаның жоголгон жок беле? – деп сурады андан.

—Мен куш эмесмин, самолетмун. Самолеттун баласы болбойт,- деп жооп берди. Ушул убакта 2 деген сан асмандан кардай аппак болгон, узун моюн сулуу куш келип конгонун көрдү.

—Менин кичинекей ак куум, татынакайым, сени бардык жерден издеп жүрбөйүмбү? – деп сайрады куш.

—Апа, 2 деген сан менен таанышып ал, ал мени сактап калды,-деп чыйпылдады балапан.

—Ыракмат, жардамыңа, балапанымды сактап калдың. Сен абдан боорукер жана ак ккуга окшош сулуу экенсиң.

## 3 деген сан ким менен достошот?



3 деген сандын ачык көңүл жана шайыр Светофор деген досу бар. Ал жолдордун кесилишине туруп алып, өтүп бара жаткан машинелерге жана жөө жүргүнчүлөргө: кызыл, сары, жашыл түстөгү жарыктар менен көздөрүн ирмегилей берет. 3 деген санга өзгөчө досунун кызыл жарыгы жагат. Кызыл жарык күйүп турганда, досун таттуу үч бурчтуу печеньеси менен сыйлайт. Светофор печеньени жегенден кийин, ал эмнеден жасалгандыгын билүүгө аракеттенет.

— Жүзүм, миндаль же күрүчтөнбү?

—Жок, мындай печенье менен сени кечээ күнү коноктогом,-деп күлөт 3 деген сан.

—Алча, жаңгак же сулууданбы? Үч бурчтуу печенье үч түрдүү кошулмадан жасалат: жемиштерден, жаңгактан, дан өсүмдүктөрүнөн. Бирок, Светофорго муну тактап билиш кыйын болду. Бир жолу үч жарык тең өчүп, күйбөй калды. Мына ошондо баш аламандык башталды! Унаалар өтө алышпай калышты, себеби, бардыгы бир убакта жүрө баштады. Жөө жүргүнчүлөр жолду кесип өтө алышпай калышты, себеби, машинелер баш аламан жүргөндүктөн, тепсеп кетишет деп коркушту. Бактыга жараша көпчүлүктүн ичинде бир кичине кыз бар эле. Ал Светофор менен 3 деген сан достошуп жүргөнүн билчү эле.

Ал кыз дароо 3 деген санына телефон чалып:

—Алло, сиздин досуңуз Светофор ооруп калды, ага тезинен жардам керек! - деди. 3 деген сан ошол замат үч бурчтуу үч таттуу печеньесин алып келип, досуна берди. Досу печенье жегенден кийин, дароо көздөрүн ирмегилеп иштей баштады. Көрсө, Светофор ачка болуп, иштей албай калыптыр. Ошондон бери 3 деген сан күндө досуна келип турат. Светофор кызыл жарыгын көрсөткөндө, унаалар токтошот да, 3 деген сан аны үч бурчтуу үч печенье менен тамактандырып турат. Досу печеньени жеп жатып дагы эле, ал эмнеден жасалаарын билүүгө аракеттенет.

—Жүзүм, жаңгак же күрүчтөнбү?

—Жок, мындай печенье менен сени кечээ коноктогом,- деп күлөт 3 деген сан. Ал досуна ар дайым печеньени үч кошулмадан жасап келет. Ал эми Светофор печеньенин эмнелерден жасалаарын дагы эле биле албай келетат, анткени, ал кызыл жарык күйүп өчкөнчө ойлонуп жетише албай калат.



## 4 деген сандын төрт каалоосу

Бир жолу 4 деген сан төрт печенье салынган баштыгын алып, токойго ойногону жөнөдү. Токойго жете электе, анын алдынан араң дем ала чуркаган төрт карышкыр чыкты.

—Силер кайда качып баратасыңар? - деп таң кала сурады 4 деген сан.

—Эң коркунучтуу жаныбардан качып бара жатабыз. Мурун өзүбүз баарын коркутчу элек, эми болсо, биздин токойдо төрт көзү бар, төрт канаты бар, төрт куйругу бар чоң жаныбар пайда болду. Ал ушундай коркунучтуу ырылдайт дейсиң, биздин да жүрөгүбүз түшүп, өлгөнчө коркуп кеттик,- дешти да, карышкырлар качып жөнөштү. “Эгер төрт көзү, төрт канаты, төрт куйругу болсо, мен ал жаныбар менен достошом”, - деп ойлоду 4 деген сан.

Ал токойго жаңы эле киргенде, өтө коркунучтуу кыйкырыкты укту:

—Мага ким келди?

—Бул мен, 4 деген санмын,- деди ал.

—Сен мага эмне алып келдиң? - деди жырткыч.

—Төрт таттуу печенье,- деди 4 деген сан.


—Тезирээк бере сал.

4 деген сан жырткычка төрт печеньени ыргытты эле, ал көз ирмемде аларды жутуп жиберди.

—Мен ачкадан өлүп кала жаздадым эле, сен мага тамак берип, курсагымды тойгуздуң,- деп кобурады жырткыч. Ал үчүн мен сенин төрт каалооңду аткарышым керек.

—Эмне каалайсың?

—Дүйнө жүзүндө төрт буттуу, төрт канаттуу, төрт бурчту жана төрт көздүүлөр көп болсун! - деп суранды 4 деген сан.



## 5 сезүү органы

Эртең менен эрте чымчыктын сайраганы кичинекей кызды уйкусунан ойготту. Ал күндүн нурунан көзүн жүлжүйтө ачты, ашканадан куймактын даамдуу жыты келип турду. Кичинекей кыз жаздыгынын астында набат жатканын эстеди да, аны алып чыкты. Набат анын оозунун ичин малина даамданган таттууга толтурду. Жумшак төшөк кызды кучагына алды, а кыз кайра мемиреп уйкуга кетти.

Күтпөгөн жерден эле кыздын кулактары ачуулу мындай деди:

—Биз чымчыктардын сайраганын угуп, кызды ойготтук, а силер көздөр, күндөн жүлжүйүп, ойгонгуңар келген жок.

—Мен кызга куймактын таттуу жытын билгизип, аны тамактанууга чакырдым, а сен тамактануунун ордуна малина даамданган набат жегиздиң, - деп мурун тилди күнөөлөдү.

—А силер колдор эмне үчүн жумшак жаздыктын алдына жашынып алдыңар?—деп  сурашты мурун жана кулактар.

Көздөр болсо, алардын ачуулангандарына таарынып:

—Андай болсо, биз мындан кийин такыр көрбөйбүз.

—Мен дагы мындан кийин даам билгим келбейт,-деди тил.

—А биз болсо, жумшак менен катууну, муздак менен ысыкты сезгибиз келбейт,- дешти көздөр дагы.

Бул сүйлөшүүлөрдү уккан 5 деген сандын ачуусу аябай келип:

—Бул эмне деген оңбогон кылык- жорук! Силер беш сезүү мүчөсү дайыма бирге иштешиңер керек,-деди.

Күтүлбөгөн жерден кулактар: - Кутмандуу таңың менен, кызым,-деген сөздөрдү угушту.Көздөр дароо ачылып, апасын көрүштү.Колдор апасын кыса кучакташты. Мурун болсо: “Куймак кандай даамдуу жыттанат”,-деп ачка болгонун сездирди. “Менин беш сезүү мүчөлөрүмдүн урушпай, жарашкандары, кандай жакшы болду”- деп, кичинекей кыз сүйүндү.



## 6 деген сан 9 деген сандан эмнеси менен айырмаланат?

Бир кыз 6 деген сан кандай жазыларын эсине сактай албай койду. Кээде ал 6 деген сандын сүйрү жагын ылдый, куйругун жогору каратып, же сүйрү жагын өйдө каратып, куйругун ылдый каратып жаза берчү экен.

—Эмне үчүн сен дайым эле 6 деген сандын ордуна 9 деген санды жаза бересиң- деп апасы ачууланды.

— 9 деген сандын башы чоң жана акылдуу. 6 деген сан дагы ошондой болгусу келип оодарылып алды,- деп каткырып күлдү кыз.

—Демек, сенин 6 деген саның цирктин акробаты турбайбы, -деп апасы таң калды.

Ошол түнү кыздын түшүнө цирк кирди:

Жаныбарлар менен кошо сандар дагы аренада ойноп жатышты. Алар фокус көрсөтүп, жонглер ойношту, тоңкочук атышты. Бир убакта цирктин директору: "Азыр акробаттар, кыз жана 6 деген сан аренада өз өнөрлөрүн көрсөтүшөт",-деп кулактандырды. Кыз аренага чыкканда 6 деген сан аны оңой эле башынан жерге койду да:

—Эми залдагы көрүүчүлөрдүн бардыгын санап чыккын! -деди 6 деген сан.

—Мен башыма туруп алып, кантип санап чыгам?-деди кыз ачууланып.

—А мен дагы кантип алтыга чейин санай алам, мени 9 деген санга оодарып койсоң,-деп 6 деген сан ыйлап жиберди.

—Кечирип койчу, мындан кийин сени оодарып салбайм. 9 деген сан менен алмаштырбас үчүн, сенин куйругуңа алты жакшынакай бантик байлап коем,- дегенде кыз уйкудан ойгонуп кетти.

Столдун үстүндөгү сандарды жазып, үйрөнүп жаткан дептерин карады эле, 6 деген сан эң туура жазылыптыр. Анын куйругу созула ийилип келип, тегерекчеге жетип турат да, ага алты ар түрдүү бантик байланып, коздолуп турат.

## Күн желесинин жети түсү



Жаандан кийин асманда кооз күндүн желеси пайда болду. Эки бала күндүн желесин көрүшүп талаша кетишти:

—Күндүн желесинин эң кооз түсү кызыл түс, себеби, менин жаңы кызыл велосипедим бар. Бардык түсү кызыл болсо, жакшы болмок,- деди бирөөсү.


—Жок, мейли күндүн желесинин бардык түсү жашыл болсун. Менин жашыл түстөгү жакшы көргөн машинем бар,-деди экинчиси. Алар көпкө талашышты, анткени, ар бири өзүнүн жакшы көргөн түстөрүн мактап жатышты. Бул талашты күндүн желеси угуп капа болду. Анткени, ал жети түс тең адамдарга жагат деп ойлочу. Катуу капа болгондуктан, күндүн желеси жоголуп кетти. Адамдар да кубанууну унутушту.

—Эмне кылыш керек? Күндүн желесин мен таарынттым,- деди капалуу биринчи бала.

—Капа болбо! Кел жети санынан күндүн желесинин жети түсүн кайтарып берүүсүн сураналы,- деди экинчиси. 7 деген сан балдардын өтүнүчүн угуп, сүрөтчүгө барып, күндүн желесинин жоголуп кеткенин айтты.

—Эгерде сен мага кубулуп турган жети боек белекке берсең, мен күндүн желесин тартып берип, балдардын өтүнүчүн аткарам,-деди сүрөтчү.

7 деген сан сыкырдуу дубасын окуду эле, ошол замат сүрөтчүнүн алдында:кызыл, кызыл сары, жашыл, сары, көгүш, көк жана сыя көк боектор пайда болду.Сүрөтчү күндүн желесинин сүрөтүн жети күндө тартып бүттү. Ал сүрөттү тартып бүткөндө, асманда күндүн желеси пайда болду, адамдар кубанычка бөлөнүштү.



## 8 деген санына ким жардам берди?

— Ой-ой-ой! –деп ыйлап жатты 8 деген сан,–мен жыгылып кетип,капталымды оорутуп алдым, сабакка кечигип калсам, балдар мени үйрөнүшпөй калат. Анткени, алар бүгүн 8 деген санын үйрөнүшмөк.

— Кел, анда биз сенин ордуңа сабакка баралы, эки сүйрү булуттан, балдар 8 деген санын жасай алышат,-дешти эки булут.


— Жок, силер өтө чоңсуңар, класска батпайсыңар,-деп кайгылуу кобурады 8 деген сан.

— Балким, мен сенин ордуңа мектепке желе менен учуп барсамчы? Мен кичине сегизге окшошмун жана менин сегиз бутум бар,-деди кичине жөргөмүш.

— Жок, сен өтө эле кичинесиң, сенин желеңди шамал башка жакка айдап кетиши мүмкүн,-деди 8 деген сан. Ошол учурда бир бала велосипед тээп келе жаткан эле. Ал мындай деди:

— 8 деген сан, тезирээк менин велосипедиме отур, ал өзү да сага окшош, сени бат эле мектепке жеткирет. Сабакта балдар 8 деген санды дароо эле эстерине сактап калышты, анткени, ал балдарга мындай деп түшүндүрдү:

— Мен велосипедге окшошмун, ар дайым силер шашып жаткан жакка өз убагында жеткирем.



## Бактылуу 9 деген сан

Бештиктин беш бармагы бар, жетиликтин жети нотасы бар, а менин эч нерсем жок,-деп капа болду 9 деген сан.

— Сен 9 нерсени санай аласыӊ,-деп башка сандар сороотууга аракет кылышты.


— Бирок, менин санай турган эч нерсем жок,-деп ыйлап жибере жаздады 9 деген сан. Күн 9 деген санды аяп, ага тогуз күндүн нурун белекке берди. 9 деген сан кубанганынан бир күн кечке өзүнүн тогуз нурун санай берди. Кеч киргенде 9 деген сан нурларын караӊгыда жоголуп кетпесин деп, бермет таштарынын арасына катты. 9 деген сан эртеси көчөдө ыйлап турган кызды көрдү. Кыз тогуз жашка чыккан эле, анын туулган күнүндө ата-энеси уруша кетишкен, ошондуктан, ал кыз ыйлап турган. "Туулган күнүндө белексиз калууга болбойт",-деди да өзүнүн тогуз бермет ташын кызга белекке берди. Кыз үйүнө кубанычтуу чуркап келип:

— Апа, ата 9 деген сан мага тогуз бермет ташын туулган күнүмө белекке берди,-деди.

Тогуз бермет кыздын алаканында жаркырап нур чыгарып турган эле. Ата-энеси да кубанычта болушту.

— Барып, майрамдык торт жасайын,-деди апасы.

— А мен дүкөнгө кызыма белек алганы жөнөйүн,-деп күлдү атасы. Бул күнү кыз тогуз белек алды. Атасы: "9 деген сан бактылуу сан!",-деди. Буга бардыгы кошулушту. Сен кандай ойлойсуӊ? Кыз туулган күнүнө кандай белектерди алды?



## Нөлдүн пайда болушу

*— Мен күнгө окшошмун,*
*Шарикке да окшошом.*
*Калач нандын өзүмүн,*

Мен өзүмчө жакшымын! -деп

Нөл көчөдө кыйкыра ырдап баратты. Аны бардык сандар тегеректеп калышты.

— Ой,сен сүйрү экенсиң! Сенин атың ким? –деп сурады 2 деген сан.

— Менин атым Нөл, мен белгилүү инсанмын. Кайсы жакты карабагын, мени оңой табасың,- деп сыймыктануу менен жооп берди.

— А сен эмнени санай аласың?-деп кызыкты 9 деген сан.

— Бардыгын санай аламын,-деди да санай баштады. Бирок, канча санаса да, нөл чыгып туруп алды.


— Сенин эмне керегиң бар? Сенин жардамың менен бир нерсени да саноого мүмкүн болбосо? – деп сандар күлүп калышты.

— Кантип эле менин эч кимге керегим жок болсун?- деп ыйлап жиберди Нөл.

— Капа болбо, албетте сен керексиң! Сенде бир сыр бар болуш керек, биз аны табабыз,-деп 1 деген сан ага боор ооруду. Сандар эмне деп айтаарын жана эмне деп ойлоорун билбей калышты.

Акыры акылман 9 деген сан мындай деди:

— Бул жерде бир сыр жатат, биз аны табышыбыз керек. Келгиле, ага биздин шаардан үй куруп берели, ага чейин Нөл кезек менен ар бирибиздикинде жашап турсун. Сенден баштайлы 1 деген сан. Конокту үйүңө алып бар да, конокто, жолдо чарчаган болсо керек.



## 10 саны кандайча пайда болгон?

1 саны Нөлдү үйүнө ээрчитип келди, конокту столго отургузуп мындай деди:

— Нөл, сен мени кечирип кой, сени жакшы коноктой албаймын, анткени, үйүмдө бардыгы бирден: бир чыны чай жана бир май токоч.

— Рахмат, эч нерсе эмес,-деп ыраазы болду Нөл. Көп убакыт өтпөй 1 саны бардык сандарды конокко чакырды.

— Чакырганыңа рахмат, бирок сенде бир чыны чай, бир май токоч эле бар эмеспи, биз көппүз да дешти сандар.

— Мурун ошондой болчу, азыр болсо Нөл бардыгын сыйкырдуу түрдө он эсе көбөйткөн-деп, түшүндүрдү 1 саны. Сандар ишене беришпесе дагы, конокко барышты. Бардыгы киргенден кийин 1 саны тездик менен Нөлдүн жанына отура калды эле, көз ирмемде 1 чыны чай 10 чыны чайга, бир май токоч 10 май токочко айлана калды.

— Бул чыныгы укмуш! – деп сүйүнүштү сандар.

— Таң калыштуу-деди 9 саны. Эгер Нөл сандын жанында болсо, ал аны он эсе көбөйтөт экен. Муну текшериш керек. Ушул учурда 5 саны 1 санына Нөлдү кое берүүсүн суранды эле, ал макул болду. 5 саны Нөлдүн жанына тура калып: - Мына текшердим, мен жөн эле беш саны эмес 50 саны болуп калдым, мына укмуш деп ушуну айт!!! Сандардын ар бири Нөлдүн жанына туруп, өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүн билгилери келип жатышты. 2 саны Нөлдү булуттун астына чейин көтөрүп 20 санына айланды. 4 саны Нөл менен ага кандай үй куруп берүү жөнүндө аңгемелешип 40 санына айланды. 0 саны 6 санынын оң жагына туруп 60 санына айландырды. Ал эми 7 саны колу менен Нөлдү тартып алып, көз ирмемде70 саны болду. 8 саны Нөл менен бирге туруп он эсе көбөйүп 80 саны болду. Нөл болбосо ал жөн эле сегиз болмок. Нөл тоголонуп 9 санынын жанына барды эле, ал 90 санына айланды. Мына ушинтип сандар Нөлдүн таң калтырган сырын ачышты.

**Эсентур Баялиев**

# Бир, эки, үч...

Компьютерге терген Айнура Таалайбекова
Жасалгасы, дизайны, терүү *Светлана Грицай*
Корректор *Чолпон Кожокулова*

**УДК 821.51-93**
**ББК 83.8**

**Б 34**
**Б 34 БИР, ЭКИ, ҮЧ... Баялиев Эсентур.** – Бишкек: АРХИ, 2017. – 12 б., ил.

ISBN 978-9967-430-66-2

Б 4803300200
ISBN 978-9967-430-66-2

УДК 821.51-93
ББК 83.8

© ИЦ АРХИ
© С. Грицай (сырткы бети)

Басууга 20.06.2017-жылы кол коюлган. Басууга 23.06.2017-жылы берилген
Формат 60x84 1/8. Көлөмү 0,75 б.т. Меловандалган кагаз 130 г/кв.м.
Офсеттик басуу. Тиражы 1500 нуска.

ИЗДАТЕЛЬСКИЙ ЦЕНТР
"АРХИ"

ИЗДАТЕЛЬСКИЙ ЦЕНТР
"АРХИ"